УДК: 37.01.792

Курманова Г.К.
*КР ТИМ К.Дикамбаев атындагы*
*Дипломатиялык академиясынын*
*Мамлекеттик жана чет тилдер*
*кафедрасынын ага окутуучусу*

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКА ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫ – ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН ӨЗӨГҮ

*Элдик педагогиканын тажрыйбасы жана идеялары илим менен бирге үй-бүлөдөгү тарбиянын маанисин жогорулатат жана натыйжалуулугун арттырат.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик педагогика, тарбия, үй-бүлө, байланыш, салт, адептүүлүк.*

*Наряду с опытами и идеями национальной педагогики вместе с наукой значение воспитания в семье будет возрастать и станет эффективной.*

***Ключевые слова:*** *народная педагогика, воспитание, семья, связь, обычай, нравственность.*

*Along with the experience and ideas of national pedagogy with science, the importance of upbringing in the family will be improved and becomes effective.*

***Key words:*** *national pedagogies, upbringing, family, relationship, customs, moral.*

Элдик педагогиканын прогрессивдүү идеяларын пайдалануу менен тарбия ишин жүргүзүүнү, биздин байкоолорубузга караганда, башталгыч класстардан баштап сабактарда, класстан тышкаркы иш-чараларда элдик педагогиканын эң жөнөкөй элементтеринен баштап тааныштыруу керек (адептик, эстетикалык, ж.б.), болгондо да, балдардын жаш курагына жараша материал түшүнүктүүбү же жокпу, ошол жактарын эсепке алуу керек. Прогрессивдүү салттар, идеялар менен тааныштырууну балдар жогорку класстарга өткөндө гана дурустап түшүнө алат деген ой жүгүртүү, тарбия ишинде терс нерселерге алып барышы мүмкүн. Анткени окуучулардын кулк-мүнөзү кенже мектеп жашында эле түптөлө баштайт. Билим-тарбия берүү ыкмалары жана чеберчилиги алда качан эле турмуш тарабынан такталып, элдин элегинен өткөн. Негизинен, жүздөгөн муундардын тажрыйбасы менен бекемделип, элдик акылмандуулуктун жардамынын формасы болгон макал-лакаптарга айланган. Элдик педагогикалык мамилешүү формасы да башкача. Биринчиден, ага ата-эне көп катышат, ошол процесстин ийгиликтүү, натыйжалуу болушуна кызыгуу күчтүү. Анткени бул иштер үй-бүлөнүн эң зарыл кызыкчылыктарын - акча каражатын, үй-мүлкүн жана ар-намысын, абийирин козгоп келет.

Кыргыз элинде байыртадан бери салт бар: үйдүн ичине жашы улуу адам кирсе, олтургандардын баары ордуларынан турушуп, орун сунуш кылышат. Буга балдарды жаш кезинен баштап үйрөтүшөт, жашы улуу, бирок таанybaган адам менен жолугушуп калса, кичүүсү озунуп салам берет. Эгерде үйдүн жанынан аксакал адам өтүп калса, үй ээси аны барчу жерине чейин жеткирип коюусу керек. Адегенде аны чакырып, кымыз же ысык чай берет. Андан кийин узатат же балдардын бирин кошуп берет. Бул тапшырманы аткаруу менен балдар жакшы иш кылып, чоңдордун алкышын угушат. Бул салт азыркыга чейин сакталып келе жатат, айрыкча, айыл жерлерде. Кыргыздын элдик педагогикасы балдарды өзүн-өзү сын көз менен кароого тарбиялоого өтө чоң маани берет, аларды айлана-чөйрөнү байкап, акыл эстүү болууга үйрөтөт, балдарда өзүмчүлдүк, мактанчаактык сыяктуу терс мүнөздөр пайда болбошу үчүн улуулар турмуштан сабак болчу мисалдарды, макал-лакаптарды, уламыштарды айтып беришкен. Мисалы, улуу дарыгер Ибн Синадан

“Адептүүлүктү сен кимден үйрөндүң?” деп сурашса, “Маданиятсыздардан, мен алар жасаганды кайталабоого аракеттенем” деген экен. Турмушта алынган окуялар акыл үйрөтүүдөн катуу таасир этишет.

Кыргыз элинде кыздарды тарбиялоонун да бир өзгөчөлүктөрү болгон. Энелер кыздарына турмушта керектүү сапаттарды, турмуш практикасына негизделген иш-аракеттерди үйрөтүшкөн. Мисалы, уй саап, нан жапканды, сайма сайып, шырдак жасаганды, кийим-кече тиккенди үйрөтүшкөн.

Педагогика илими окуучуларды туура тарбиялоодо үй-бүлөнү эң жакын жардамчы деп эсептейт. Элдик педагогика жана үй-бүлө тарбиясы тарбия берүүнүн негизги өзөгүн түзүп турат. Ушундан улам үй-бүлөлүк тарбия кандай болушу керек? Ага элдик педагогиканын тийгизген таасири кандай деген суроо туулуп, көйгөйлүү жагдай түзүлүүдө.

Акыл жана адеп тарбиясы мектептен мурда үй-бүлөдө калыптанып түптөлөрү, ага негиз салынары белгилүү. Ар бир үй-бүлөнүн мыкты адамгерчилик салты жана үй-бүлөнүн берекеси болбосо, мамлекеттин да берекеси болбос, гуманизм да ага жат болор. Ошон үчүн жакшы үй-бүлөдөн тарбияланып чыккан бала жакшы сапаттарга ээ болбой койбойт, а элдик адептик салттарды карманбаган үй-бүлөлөрдө кароосуз же көзөмөлдөөсүз калган бала эч качан татыктуу, тетик инсан болуп өспөстүгүн турмуш эчак эле далилдеген.

Элдик педагогиканын негизги максаты – элдүүлүктүн очогун сактоочу акылман карыялар, нарктуу байбичелер, сөз билген акындар, насаатчы нарктуу улуулар, ата-энелер, ага-эжелер улам кичүүлөрдүн рухий да, функционалык жактан соо өсүшүнө кызмат кылуу болуп эсептелген жалпы эле адамзатка тиешелүү акыл сапаттар: атап айтканда, таза, адал болуу, адеп тазалыгы мээрмандык, сыпайылык, айкөлдүк, кечиримдүүлүк, жакшылык кылуу, улуу-кичүүнү урматтоо деген сыяктуу гумандык асыл спаттар мүнөздүү.

Элдик жомоктор, уламыштар, эпостор, кылымдардын кыйырын басып калыптанган калктын улуу руханий маданиятын камтып турган, эл-журттун улуу генийинен жаралган өзүнчө бир керемет таалим-тарбия казынасы.

Үй-бүлөдө ар бир инсандын өзүнүн ден соолугу, жалпы коомдун байлыгы жөнүндө пикири калыптанып, эмгек менен эс алууну рационалдуу түрдө айкалыштыруу жөндөмү пайда болот.

Ошол эле учурда үй-бүлөлүк тарбиянын кемчилик жактары да эске алынышы абзел. Алигиче бардык ата-энелердин билим деңгээли жана педагогикалык маданияты бирдей эмес, көптөрү эски адаттардын таасирлеринен кутулуша элек, ошондуктан мектеп үй-бүлөнү өзүнүн чыныгы жардамчысына айландырыш үчүн ата-энелер менен иш алып барууну күчөтүп, ар бир үй-бүлөнүн өзгөчөлүгүн эске алып, аларга таасир этүүнүн жекече жолдорун жана методдорун иштеп чыгышы керек. Ошондо гана таалим-тарбия иштерин натыйжалуу чечсе болот.

Кээ бир учурларда үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы келишпестиктер, салттар менен адаттарды турмуштун жаңы талаптары менен айкалыштыра албагандыктан келип чыгып жатат.

Тарбия иши менен аракеттенген ар бир адам элдик педагогиканын тарбиялык идеяларынын эң баалуу касиеттерин алып, бүгүнкү коомдогу талап менен байланыштырып, өткөндүн зыяндуу таасирлеринен бощонуу менен бирге, карама-каршы жактарын жеңип чыгуусу зарыл. Бул милдеттерди ийгиликтүү чечүүдө мектепке чоң роль таандык, мектеп ата-энелерди, балдарды тарбиялодогу үй-бүлөнүн милдеттери менен, элдик педагогикадагы билим, тарбия берүү салттары, алардын прогрессивдүү жактары менен тааныштырып, кайсыларды азыркы жашоого туура келе турганын, алардын жаралуу тарыхын, үй-бүлөдө,

мектепте эмнелерди сактап эмнелер үчүн күрөшүү керектигин жана алардын колдонуу жолдорун түшүндүрүүсү кажет.

В.Г.Белинский минтип жазган: “Балдарга жалпы адамзаттты таануу боюнча көбүрөөк билим бергиле, бирок алардын баарын улуттук көрүнүштөр аркылуу тааныштырууга аракеттенгиле”.

Кыргыз элинин турмушунун көркөм энциклопедиясы, Ата журт улуттук идеясынын символу болгон улуу “Манас” эпосун ар бир кыргыз жараны билүүгө тийиш. Элибиз – байыркы түптүү эл, сөз байлыгы кенен, өнөрлүү, уз, намыскөй, акылман, меймандос, эл. Ата журттун азаттыгы, эркиндиги, бөлүнбөс бүтүндүгү, бакыбаты үчүн күрөш, Мекенге карата толуп-ташкан сүйүү сезими “Манаста” берилген, элдик педагогика деген оозеки жана жазма адабиятындагы каада-салттар, ырым-жырымдар, үрп-адаттар, оюм-буюмдар өнөрлөрдүн тарбиялык тажрыйбасынын жыйнагы болот да, баланы туура тарбиялоого өбөлгө болот.

Элдик педагогиканын негизги принциптеринин бири – эмгекке тарбиялоо эмгек салттарын балдарына өткөрүү, ал адамзат коомунун алгачкы кезинен эле башталат. Ошону менен бирге улуулардын тажрыйбасы жана билимге жаштарды тарбиялоодо атайын колдонулган. Жаш муундар эмгектик ык-машыгууларга эртелеп ээ болушуп, практикалык иш-аракеттерди аткарышкан. Эмгек салттары өндүрүш күчтөрүн күчөтүүдө бир топ мааниге ээ. Көптөгөн кылымдар бою эмгек салттары эмгекчи элдин эң керектүү жүрүм-турум ченемдери катары каралып келген. Кыргыз элинин эмгек салттарынын күчү мамилешүүнүн, достуктун, өз ара көмөктөшүүнүн, кызматташуунун калыптангандыгында.

Биз канчалык илимий-техникалык, экономикалык-технологиялык прогрессте жашабайлык, ал– адамдын маңыздуу жашоосунун каражаты, аспабы, ал эми негизги максат абийир, ыйман, адеп, рух экендигин дүйнөлүк акылмандар белгилешкен. “Тарбиялоодо жана билим берүүдө адамдын ички жан дүйнөсү менен сырткы жетилүүсүнүн биримдиги, анын дене түзүлүшүнүн сулуулугу менен рухий дүйнөсүнүн сулуулугу төп келишип турушу зарыл”.

Демек, баланы тарбиялоодо ата-эненин ролу абдан чоң мааниге ээ. Анткени тарбиянын башаты эң алгач үй-бүлөдө калыптанат. Үй-бүлөдөгү улуттук каада-салттар баланын калыптанышына түрткү болот. Үй-бүлөдөн таалим-тарбия алган баланы мугалим, коом, чөйрө тарбиялайт. Ар бир ата-эненин милдети – баланы туура, шайкеш тарбиялоо.

Элдик педагогиканын көптөгөн салттары, идеялары, түрлөрү жана методдору илимий негиздерге карама-каршы эмес, тескерисинче алар бири-бирин толуктап турат, алар ошонусу менен күчтүү. Элдик педагогиканын тажрыйбасын жана идеяларын илим менен бирге пайдалануу алардын тарбиялык маанисин жогорулатат, ийкемдүү, түшүнүктүү кылып, турмуш менен байланышын күчөтүп, жергиликтүү, конкреттүү шарттарга жакындаштырат. Тарбиялоого, илимий принциптерге, инсанды калыптандыруунун негизги шарттарынын бири болгон педагогикалык дөөлөттөргө негизделген комплекстүү мамиле керек. Ошондуктан педагогикалык практика педагогикалык теориянын жетишкендиктери менен бирге, элдин педагогикалык тажрыйбаларын, идеяларын пайдалануудан начарлап кетпейт, тескеринче аны күчөтүп, натыйжалуулугун арттырат.

**Адабияттар:**

1. Максутов Т., Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. -Ош, 1986.
2. Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. //Билим куту. –Бишкек, 2006.

3. Максутов Т., Мырсабеков А. Улуттук педагогиканын негиздери. -Ош, 1996.
4. Байгазиев С. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы. –Бишкек, 2012.
5. Белинский В.Г. Собр соч. –М., 1984, стр. 88.